**К.Эшимбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин тил усулдук бирикмесинин 2021-2022 окуу жылына анализи.**

2021-2022 окуу жылында тил усулдук бирикмесинде алты мугалим эмгектенди.Кыргыз тил адабиятынан Калдарбекова Элмира жана Кадырова Айжамал,орус тил сабагынан Атыгаева Гулмира,Билалова Айгул жана Осмоналиева Бермет англис тил сабагынан Бошкоева Элмира өз предметтеринен сабак беришти.Жыл башынан өз предметтери боюнча сааттар бөлүштүрүлүп берилди.Тил усулдук бирикмесинин жыйналышы болуп,жылдык план талкууланы, жактырылып бекитилди.Жыл ичинде бекитилген пландын негизинде иш алынып барылды.23-сентябрда тил айлыгынын ачылышы болуп өттү.Айлык тил гимни менен башталып ,тилди даңазалаган ырлар, макал лакаптар, улуттук бийлер менен коштолду.Кечении ачылышын Кадырова Айжамал жакшы деңгээлде уюштурду.Кечеге ар бир класстын таланттуу шыктуу окуучулары катышты.Мындан сырткары 9-10-11 класстардын арасында «Акыл ордо» оюну уюштурулду.Ар бир класстан өз күчүн сынаш үчүн бирден катышуучу чыгып билимдерин сынап корүштү.9-класстан Конокбаева Мунара 10-класстан Конокбаев Акжолтой 11-класстан Табылды уулу Искендер катышты.Сынактын жыйынтыгында 11-класстын окуучусу жеңүүчү деп табылып,грамоталар кызыктыруучу белектер менен сыйланышты.Октябрь, ноябрь айларында тил сабактарынын берилиши каралды.Белгиленген графиктин негизинде ачык сабактар коюлду.Анлис тил сабагынан Бошкоева Элмира «Тамак аштар» деген темада интерактивдүү методдорду колдонуп сабак өттү. Кадырова Айжамал эжей 10- класска «19-кылымдын жазуучулары» деген темада көрсөтмөлүү сабак өттү.Билалова Айгүл 7-класска А.С.Пушкиндин чыгармармалары боюнча жаңы методиканы колдонуп мыкты сабак өттү.Осмоналиева Бермет 6-класска орус адабияты сабагынан ачык сабак өттү.Ачык сабактарга катышкан мугалимдер, админстрация тарабынан сабак өткөн мугалимдерге анализдер берилип , сунуш пикирлер айтылды.Ар бир предметтик мугалим коюлган расписаниенин негизинде кружокторду өтүп жатышты.Кружокко ар бир класстан таланттуу шыктуу окуучулар жазылган.Жыл башынан келген конкурстарга катышып турдук.Декабрь айында Чынгыз Айтматовду туулган күнү жана Алыкул Осмоновду эскерүү күнү белгиленди.Декабрь айында райондук олимпиада болуп өттү.Тилекке каршы эч кандай орунга ээ болгон жокпуз.